Кабыл алынды: «Бекитилди»

№1-пед.кеңешме О.Жакишев атындагы ЖББ орто мектебинин

«29 08 2022 жыл» директору ____ Асанбаева Н.К.

«29 08 2022 жыл»

**Өмүркул Жакишев атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин тарификациялык комиссия жөнүндө жобо**

1.1 Тарификациялык комиссия директор тарабынан бекитилип,Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырат.тарификациялык комиссиянын ыйгарым укуктарын директор тарабынан чыгарылган буйрук аркылуу гана толукталып же өгөртүлүшү мүмкүн.

1.2 Тарификациялык комиссиянын курамы мектептин директоруну буйругу менен бекитилет.

1.3 Тарификациялык комиссиянын мучолорун саны 5 адамдан кем эмес.

1.4 Тарификациялык комиссиянын курамына төмөндөгүлөр кирет;

.комиссиянын торагасы-мектептин жетекчиси:

.комиссиянын төрагасынын орун басары;

.мектеп кызматкерлери;

.комиссиянын катчысы,ал мектеп кызматкерлеринин курамына дайындалат.

2.Тарификациялык комиссиянын ишинин негизги багыттары:

2.1. Тарификайиялык комиссиянын иш тартиби (ишмердүүлүк үчүн жооп берет,тарификациялык тизмени тузот,комиссиянын жыйынын өткөрүү убактысын ж.б.)

2.2. Тарификациялык комиссиянын төрагасы жалпы жетектөөнү жузөгө ашырат, жыйындардын өткөрүү мөөнөтүн жана убактысын бекитет.

2.3 Комиссиянын катчысы төмөнкүлөрдү аткарат:

-комиссиянын жыйындарынын документтерин даярдоо жана сактоо;

-комиссиянын кезектеги отурумун откоруунү уюштуруу;

-отурумдун протоколдорун жургузуу,чыгарылган натыйжаларды жана чечимдерди жол-жоболоштуруу;

-мектептин кызматкерлерин тарификациялоо боюнча буйруктардын долбоорлорун даярдоо.

3.Тарификациялык комиссиянын негизги функциялары

Комиссия төмөкүдөй негизги функцияларды жузого ашырат:

3.1. Тарификациялык тизме жыл сайын 5-сентябрга карата тузулөт жана тарифтик комиссиянын бардык муөлөру кол коет.

3.2. Тарифтештируунун жүргүзүү учун комиссия төмөнку документтерди карайт:

-кызматкерлердин педагогикалык стажын тарифтик жөнгө салуу мүчөлөрүнүн колу коюлганын текшеруу

-билими жөнүндө документтердин бар экендигин текшерүү.

3.3 Зарыл учурда тарификациялык комиссия протоколго толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү чагылдыруу;

3.4 Директорго мектеп кызматкерлеринин тарификациясын бекитүүгө жөнөтөт.

3.5.Ар бир отурум катчы тарабынан протоколдонот,тарифтик процесстин ар бир чечими комиссия жыйын өткөрүлгөн куну протокол менен бекитилет жана ага бардык мучолору кол коет.

3.6. Каыбл алынган чечимге макул болбогон комиссия мучөлөрү чыгарылган чечимди жыйналыштын протоколуна киргизилүүчү өз пикирин жазуу жүзүндө жазууга тийиш.